**Математика**
**PISAга багытталган тест**
**8 - класс**

***1-тапшырма.***

Узундугу 3 метр, туурасы 2 метр болгон тик бурчтук формасындагы шырдакты жасоо үчүн кийиздин төмөнкү параметрлери берилсе, канча килограмм кийиз керектелет:
калыңдыгы 10 мм жана тыгыздыгы 390 кг/м$^3$.

*Тапшырманын жообун атайын берилген жерге жазгыла.*

Жообу:

**Шырдак**

Шырдак — кыргыздын кийиз килеми, жасоо техникасы жагынан эң байыркы жана эң татаал кийиз буюмдарынын бири.



**Тапшырманын мүнөздөмөлөрү** :

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: мейкиндик жана форма
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: колдонуу
- Контекст: коомдук
- Тапшырманын татаалдык деңгээли: орточо
- Жооптун форматы: ачык кыска жооп берүү
- Баалоо объекти: планиметриялык фигуралардын арасындагы катыштарды жана формулаларды колдонуу менен эсептөөлөр
- Максималдуу балл -1
- Текшерүү ыкмасы: эксперттик

**Баалоо системасы**

| Упай / Код | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 1 | 23,4 кг же 24 кг. |
| 0 | Башка жооптор. |
| *9* | *Жооп жок* |

***2-тапшырма.***

Тик бурчтук формасындагы эки шырдакты салыштыргыла.
2х2 өлчөмүндөгү кесек жүндүү шырдак менен 3х2 өлчөмүндөгү жука жүндүү шырдакты, оң жактагы таблицада келтирилген маалыматтарды пайдаланып, ар бир айтылыштын чын же жалган экенин белгилегиле.

| № | Айтылыштар | Чын | Жалган |
|---|---|---|---|
| 1. | Кесек кийизден жасалган шырдак, жука кийизден жасалган шырдакка караганда оор болот. | | |
| 2. | Эки шырдактын тең салмагы бирдей болот, анткени алардын өлчөмдөрү тыгыздыгына тескери пропорционалдуу. | | |
| 3. | Жука кийизден жасалган шырдак, кесек жүндүү кийизден оор болот, анткени анын өлчөмү чоңураак. | | |
| 4. | Жука жүндүү кийизден жасалган шырдак кесек жүндүү кийизден жеңил болот, анткени анын тыгыздыгы жана калыңдыгы кичине болот. | | |

**Шырдак**

Шырдак — кыргыздын кийиз килеми, жасоо техникасы жагынан эң байыркы жана эң татаал кийиз буюмдарынын бири.



Шырдак жасоодо кийиздин эки түрү колдонулат.

| № | Кийиздин түрлөрү | Калыңдыгы, мм | Тыгыздыгы, кг / м $^3$ |
|---|---|---|---|
| 1. | Кесек жүндүү | 10 | 320 |
| 2. | Жука жүндүү | 5 | 250 |

**Тапшырманын мүнөздөмөлөрү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: сан
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: ой жүгүртүү
- Контекст: жеке
- Тапшырманын татаалдык деңгээли: орточо
- Жооптун форматы: кыска жооп берүү
- Баалоонун объектиси: эсептөөнүн натыйжаларын талдоо
- Максималдуу балл - 2
- Текшерүү ыкмасы – эксперт

**Баалоо системасы**

| Упай/Код | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | Жооп: чын, жалган, жалган, чын |
| 1 | Бир гана ката кетирилди. |
| 0 | Башка жооптор берилди. |
| 9 | *Жооп жок* |

***3-тапшырма.***

Оң жакта жайгашкан графикте өлчөмү 2х3 метр жана калыңдыгы 10 мм болгон шырдактарга баалардын өзгөрүшү көрсөтүлгөн.
Бир нече туура жооптуу тапшырманы аткаргыла.


***Бир туура жоопту тандагыла.***

**А)** 2012-жылдан 2014-жылга чейин жана 2014-2016-жылдары шырдактардын баасынын өсүшү бирдей болгон
**Б)** 2014-жылдан 2016-жылга чейин жана 2018-2020-жылдары шырдактын баасынын өсүшү бирдей болгон
**В)** Шырдактарга болгон баалардын өсүшү эң аз болгон 2020-жылдан 2022-жылга чейинки мезгилде болгон
**Г**) 2012-2022-жылдар аралыгында шырдактын баасы болжол менен 87%га өскөн.

**Шырдак**

Шырдак — кыргыздын кийиз килеми, жасоо техникасы жагынан эң байыркы жана эң татаал кийиз буюмдарынын бири. Бул табигый материалдардан жасалгандыктан кымбат баада болот.

Баасы (сом)




**Тапшырманын мүнөздөмөлөрү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: белгисиздик жана маалыматтар
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: ой жүгүртүү
- Контекст: коомдук
- Тапшырманын татаалдык деңгээли: жогорку
- Жооптун форматы: бир нече туура жоопту тандоо
- Баалоо объекти: статистикалык маалыматтар
- Максималдуу балл - 2
- Текшерүү ыкмасы - эксперт

**Баалоо системасы**

| Упай/Код | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | Жооп: Б), В) Г) |
| 1 | Каалаган эки туура айтылыш, жалган айтылыш көрсөтүлгөн эмес. |
| 0 | Башка жооптор |
| *9* | *Жооп жок* |